

ЕАЭБтин Бажы аймагына товарларды жана транспорт каражаттарын мыйзамсыз ташып кирүү фактыларын табуу жана богот коюу боюнча жүргүзүлгөн ыкчам иш-чаранын жыйынтыгында “Баткен” бажысынын контрабандага каршы күрөшүү бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан Баткен областынын караштуу Добо айылында, Кыргыз Республикасынын жараны С.У.У., башкарган КРдин мамлекеттик номер белгиси менен “Хонда-Степвагон” үлгүсүндөгү автотранспорттук каражат токтотулуп, текшерилген.

Жогоруда аталган автотранспорттук каражатты текшерген учурда бажы контролунан тышкары ЕАЭБтин бажы аймагына бажыга тийиштүү документтери жок ташып келе жаткан Республика Тажикистанда өндүрүлгөн жалпы салмагы 560 кг түзгөн ордок эти табылган. Кармалган товардын жалпы суммасы 134 400 сомду түзөт.

Иштин материалдары тергөөгө караштуулугу боюнча КРдин ЭКККБна өткөрүлүп

берилди.